Чындыгында, Аллахтын алдында адилеттүү болгондор нурдан болгон минбарларда, Улуу, Мээримдүү Заттын оң жагында болушат. Анын эки колу тең оң. (1) Алар өкүм кылганда адилеттүү болгондор, үй-бүлөлөрүнө адилеттүү болгондор жана башкарууда адилеттүү болгондор

Абдулла ибн Амр (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Чындыгында, Аллахтын алдында адилеттүү болгондор нурдан болгон минбарларда, Улуу, Мээримдүү Заттын оң жагында болушат. Анын эки колу тең оң. (1) Алар өкүм кылганда адилеттүү болгондор, үй-бүлөлөрүнө адилеттүү болгондор жана башкарууда адилеттүү болгондор».

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарды башкарууда, аларга өкүм чыгарууда жана үй-бүлөлөрүнүн ортосунда адилеттүүлүк жана акыйкат менен өкүм кылгандар Кыямат күнү аларды урматтоо үчүн нурдан жаратылган бийик отургучтарда отурушаарын кабар берүүдө. Бул минбарлар Мээримдүү Аллах Тааланын оң жагында жана Анын эки колу тең оң.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/4935